Бекитемин
Азис Абдыкеримов атындагы
орто мектебинин директору
Насирова .Э.А
"__" ________ 2022-жыл

**Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинин "Жигиттер" балдар кеңешинин жобосу**

*1. Жалпы жобо*

"Жигиттер" балдар кеңеши-мектептеги 5-класстан 11- класска чейинки балдардын курамынан түзүлөт.

Бул кеңеш балдардын мектептеги ,коомдогу ордун ,маданий жашоосундагы ,үй-бүлөдөгү кызыкчылыктарын колдоочу кеңеш болуп эсептелет.

Балдар кеңеши өзүнүн коомдук ишмердүүлүгүн тең укуктуулук ,өз ыктыярдуулук ,ачык айкын мектептин уставынын негизинде ,атайын түзүлгөн иш пландын алкагында иш алып барат.

Балдар кеңешинин мүчөлүгүнө 5-класстан баштап мүчө боло алат .

Балдар кеңешинин төрагасы катары мектептеги көп стажылуу,тажрыйбалуу мугалим пед кеңештин чечими менен бекитилет.

*2."Жигиттер" балдар кеңешинин негизги максаты жана маселелери:*

Балдар кеңешинин негизги максаты :балдардын коомдук иштердеги активдүүлүгүн жогорулатуу,мектептеги балдар арасындагы ынтымакты бекемдөө,балдардын тартибин,тазалыгын,билим алуусун көзөмөлдөө.

Негизги маселелери:

-Балдардын коомдогу ордун сактоо;
-Балдардын тең укуктуулугунун сакталышын жана жеке мүмкүнчүлүктөрүн коомдо ишке ашуусуна көмөктөшүү;
-Балдарды мектептин иш-чараларына жана коомдук иштерине активдүү тартуу жана көйгөйлөрүн чечүү;
-Социалдык чындыктын сакталышын көзөмөлдөө,жарым жетим,томолой жетим,соц жетим балдарга моралдык жардам көрсөтүү;

*3.Балдар кеңешинин укуктары жана милдеттери:*

Жогоруда коюлган маселери жана функциялары менен ишмердүүлүгүндө балдар кеңеши төмөнкүдөй укуктарга ээ:
-Мектептин коомдук иштерине балдарды тартууга(көргөзмө,конкурстарды уюштуруу,семинар,ийримдерге катыштыруу);
-Балдардын үй-бүлө боюнча арыздарын карап,талдап ,жардам берүү үчүн тийиштүү адистерди чакырууга;
-Балдарга тиешелүү маселелерди педагогикалык кеңешке алып чыгуу;
-Балдар кеңешинин жогорку органы болуп Балдар кеңешинин ай сайын өткөрүлүүчү чогулушу болуп эсептелет;

*Жобонун жыйынтыгы:*

Балдар кеңеши мектептин жетекчилиги тарабынан бекитилип берилген иш планы менен өз жыйындарында алымча-кошумчалап иш жүргүзөт